Мадмуратова З.Г.

# БОЛОЧОК ПЕДАГОГДОРДУ ОКУУЧУЛАРДЫ АДЕП-АХЛАКТЫККА ТАРБИЯЛООГО ДАЯРДООНУН МЕТОДДОРУ

Мадмуратова З.Г.

# МЕТОДЫ ПОДГОТОВКИ БУДУЩИХ ПЕДАГОГОВ К НРАВСТВЕННОМУ ВОСПИТАНИЮ УЧАЩИХСЯ

Matmuratova Z.

# METHODS OF PREPARING FUTURE TEACHERS FOR THE MORAL EDUCATION OF STUDENTS

УДК: 370/247-91

Макалада болочок педагогдорду балдарды тарбиялоого даярдоочу негизги предметтер, элдик чыгармалар аркылуу тарбиялоонун негизги методдору: этикалык аңгемелешүү, диспут, таймаш, идеалдуу үлгү методдору жөнүндө кеңири сөз болду. Болочок педагогдорду элдик чыгармалар аркылуу балдарды тарбиялоонун тажрыйбалык эксперименталдык бөлүгү чагылдырылып, практика жүзүндө аткарылган иштер белгиленди.

Тажрыйбалык ишти жүргүзүүдө ар түрдүү темалардагы этикалык аңгемелешүүлөр, маектер жүргүзүлдү. («Адептүүлүк маданият-адам турмушунун күзгүсү», «Макал-ылакаптар-элдик даанышмандыктын каймагы», «Адептүүлүк адам көркү», «Адептүү алкыш алат, адепсиз каргыш алат», «Жакшы болсоң жатык бол, улук болсоң, кичик бол», «Аганы көрүп ини өсөт, эжени көрүп синди өсөт», «Эне тил жана каада-салт», «Манас» эпосундагы жалпы адамзаттык идеялар», «Улуу Манас урпагы, унутпа каада-салтыңды», «Даанышман сөз жана адеп»). Алардагы негизги максат болуп болочок педагогдордун жана балдардын адептүүлүк көз карашын, адамдык милдетин сезе билүүнү калыптандыруу эсептелинди.

Ачкыч сөздөр: адеп-ахлак, тарбиялоо методдору, этика, адептик сапаттар, уюштуруу ишмердүүлүгү, болочок педагогдор, диспут, окуучулар.

В статье подробно рассмотрены основные предметы подготовки будущих учителей к воспитанию детей, предложены основные методы воспитания посредством народных произведений: этическая беседа, диспут, соревнование, идеальные образцовые методы уроков.

В ходе экспериментальной работы проводились этические дискуссии и интервью на различные темы. («Вежливость – зеркало культуры и человеческой жизни», «Пословицы – сливки народной мудрости», «Вежливость – красота человека», «Вежливым людям хвалят, невежливым ругают», «Если ты хороший, будь скромным, если ты старший, будь маленьким», «Младший брат растет, видя брата, младшая сестра растет, видя сестру», «Родной язык и обычаи», общечеловеческие идеи в эпосе «Манас». , «Потомок великого Манаса, не забывай своих обычаев», «Мудрые слова и манеры»). Их главной целью было формирование у будущих учителей и детей чувства нравственности и человеческой ответственности.

Ключевые слова: мораль, методы обучения, этика, нравственные качества, организационная деятельность, будущие учителя, дебаты, ученики.

The article examines in detail the main subjects of training future teachers to educate children, and proposes the main methods of education through folklore: ethical conversation, debate, competition, and ideal exemplary methods of lessons. During the experimental work, ethical discussions and interviews were held on various topics. ("Politeness is a mirror of culture and human life", "Proverbs are the cream of folk wisdom", "Politeness is the beauty of a person", "Polite people are praised, impolite people are scolded", "If you are good, be modest, if you are older, be small", "The younger brother grows up seeing his brother, the younger sister grows up seeing her sister", "Native language and customs", universal human ideas in the epic "Manas", "Descendant of the great Manas, do not forget your customs", "Wise words and manners"). Their main goal was to form a sense of morality and human responsibility in future teachers and children

Key words: morality, teaching methods, ethics, moral qualities, organizational activity, future teachers, debates, students.

Сабактын натыйжасы окутуу методдору аркылуу камсыз кылынат, б.а., сабактын максаты, милдеттери канчалык так аныкталбасын анын чындыкка айланышы тикеден-тике окутуу методдорунан көз каранды. Окутуу методдору башка эмгек чөйрөсүндөгү методдордон олуттуу айрымачылыктарга ээ. Маселен, сапаттуу мебель жасоо устанын өзүнүн усул ыкмаларына, чеберчилигине көбүрөөк байланыштуу болот. Ал эми окутуу процессинин соңку натыйжасы жалгыз эле мугалимден көз каранды

болбойт. Асылында, окутуу үйрөтүүнүн үзүрлүү жана жемиштүү болушу балдардын окуп үйрөнүү ниети, таанып билүү дилгирлиги, билим билгичтиктерге аң сезимдүү, өз алдынча ээ болуу жаатындагы жигердүү аракетине багынычтуу.

Башталгыч класстын болочок педагогдорунун окуу планынын профессионалдык циклинин базалык бөлүмдөрүндө жайгашкан адисти калыптандыруучу негизги «Сабактарды өтүүнүн методикасы», «Башталгыч

мектепте этика (адеп) сабагын окутуунун усулу», «Башталгыч класстарда эстетикалык тарбия берүүнүн теориясы жана технологиясы», «Педагогика», «Педагогикалык ойлордун жана билим берүүнүн тарыхы», «Адистикке киришүү», «Сөз өстүрүүнүн теориясы жана практикасы менен көркөм окуу», «Психология», «Инклюзивдик педагогика», «Балдар адабияты» дисциплиналары болочок педагогдорду окуучуларга адеп-ахлактык тарбия берүүгө даярдоодо ролу абдан чоң экендигине күбө болуп жүрөбүз.

Негизинен туура тандалып алынган тарбиялоонун методдору тарбиялык иш-чараларды уюштурууда балдар чөйрөсүндөгү адамдарга карата болгон боорукер, кайрымдуу, ардактоо, жакшы көрүү, сезимдерин калыптандырып, адептүү инсан болуп калыптануусуна зор таасирин тийгизет. Класстан жана мектептен тышкары жүргүзүлүүчү тарбиялык иштер окуучулардын сабактан алган билимдерин бекемдөөдө, аң-сезимин өстүрүүдө чоң роль ойноору белгилүү. Негизинен мугалим окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен ар кандай иш-чараларды уюштурууда тарбиялоонун көп кырдуу максаттарына жетишүү үчүн натыйжалуу методдорду тандоого тийиш. Башкача айтканда, тарбиялоонун оозеки методдорун (этикалык темадагы аңгемелешүүлөр,диспут, ишендирүү,үлгү көрсөтүү ж.б.) колдонсо болот. Оозеки методдордун тобу адептүүлүк жөнүндөгү түшүнүктөрдүн жана баалоолордун системасын калыптандырат. Бул методдордун функциясы тигил же бул адеп эрежелерин, фактыларды, түшүнүктөрдү түшүндүрүүдө гана эмес, кыйла эмес, ал кыйла татаалыраак туура адептик сапатарынын байышына, бекемдөөсүнө жардам бергендигинде, өзүнүн жүрүм-турумун жана өзүнүн каалоолорун баамдап, жыйынтык чыгаргандыгында турат [1].

Этикалык темадагы аңгемелешүү-адептүүлүккө тарбиялоонун усулу катары окуучулар менен иштөөдө эң эле пайдалуу жана натыйжалуу. Этикалык темадагы аңгемелешүүнүн мазмуну ачык жана эмоционалдуу болуу менен балдарга күчтүү таасир калтыруусу зарыл.

Бул методдун төмөндөгүдөй милдетин бөлүп көрсөтүүгө болот:

- аңгемедеги каармандарга карата кайгырууну, боорукер болууну, кубанууну, сезүүнү, кейипкерлердин оң кылыктарына ыраазы болууну о.э. алардын тескери иш-аракеттерине кыжырданууну пайда кылуу менен балдардын оң сапаттагы сезимдерин ойготот;
- этикалык темадагы аңгеме жаңы же мурун белгисиз болгон адептик эрежелер түшүндүрүлөт же мурунку алган билимдери системалаштырылат;
- этикалык темадагы аңгеменин жардамы менен психологиялык жактан балдарга жакын адептүү жүрүм-турумдун үлгүсү болгон идеалдуу үлгү көрсөтүлөт, бул аларды толкундатып, үлгүнү тууроого, өзүнүн журүм-турумунда ага теңелүүгө чакырат.

Этикалык темадагы диспуттар(башталгыч класстын жогорку класстарында өткөрсө болот). Этикалык аңгемелешүү менен кээ бир окшоштуктарга ээ. Бул усул туура адептүүлүк жөнүндө ой-пикирлерин иштеп чыгуу үчүн окуучулардын активдүүлүгүн мобилизациялоонун жолун көрсөтөт, бирок этикалык аңгемелешүүдөн айырмаланып, диспутта талкууга жүрүм-турумдун айрым фактылары коюлбастан, адептүүлүккө калыптандыруу жана жалпылоо максатында проблемалар коюлат [2].

Диспуттар олуттуу жана узак убакытка даярданууну талап кылат. Окуучуларды алдын-ала диспут өткөрүүнүн айрым бир төмөндөгүдөй эрежелери менен тааныштыруу пайдалуу: талаш-тартышта бардыгы бирдей, эч ким эч кимге акыл айтпайт; диспутта байкоочулар жок, ар бири активдүү катышуучу; эмне жөнүндө талаш-тартыш болуп жатканы жөнүндө ойлонушу керек; ар кимдин оюю баалуу, жолдошуңдун пикирин уга бил; диспутта өз оюңду далилдей тургандай кылып даана, так айткын;

эгерде сенин пикириңдин туура эместиги далилденсе, анда жолдошуңдун оюн моюнга алуудан коркпо; сөзүңдүн акырында жыйынтык чыгара бил ж.б.

Азыркы учурда окуучуларга жаккан усулдардын ичинен диспут-адептик сапаттарды калыптандыруунун өтө баалуу усулу. Диспутта окуучулар үй-бүлөлүк тарбиянын негизинде өздөрүнүн ачык ойлорун айтуу менен бирге жүрүш-туруш нормаларын, адеп эрежелерин, турмуштук позицияларды, көз караштарды талдашат. Диспуттун учурунда проблемалык кырдаал бир эле суроого ар тараптуу мамиледеги ар турдүү көз караштардын кагылышуусунан түзүлөт жана окучулардын сүйлөгөн сөздөру чын жүрөктөн, өз сөзү менен айтлганы жакшы. Өз алдынча ой жүгүртүүсүз адептик ишенимди

калыптандыруу мүмкүн эмес. Окуучулар талкууга активдүү катышып, ойлорун талдап, бири-бирин кунт коюп угуп, толуктап, алымча кошумчаларын айтып, өз алдынча тыянакка келгенде гана диспуттун натыйжалуулугу алда канча жогорулайт. Ошол эле учурда туура уюштурулган диспут окуучуларда жашоодогу тигил же бул адеп эрежелерин калыптоо үчүн жакшы жыйынтык берет.

Ошону менен бирге ата-энелерине, жакын туугандарына, айлана –чөйрөсүндөгү адамдарга жоопкерчиликтүү мамиле кылууга жана адептүү жүрүм-турум мамилесин өнүктүрүүгө, өзүнүн жүрүш-турушуна жана жолдошторунун жүрүш-турушуна карата болгон талабын жогорулатат. Диспуттун убагында мугалимдер эмес, окуучулардын көбүрөөк талкууга катышуусуна умтулуу керек. Буга, окуучулардын алдына турмуштан алынган, ой-сезимди толкунданткан тактоочу, чечмелөөчү, чыгармачыл, практикалык, проблемалык суроолорду коюу менен жетишүүгө болот.

Ишендирүү методун колдонууда адамдардын ортосундагы мамилелер, өзүн коомдо алып журүүнүн нормалары жана эрежелери жөнүндө алардын манисин терең түшүндүрүү менен башкача айтканда, ишендирүү методу акырындап окуучуларды жакшы адамдарга окшош болуу, улууларды сыйлоо аео, жардам берүү, урматтоо зарылдыгына баланын жекече ишеничин калыптандырат.

Коомдогу эң мыкты адамдардын иш аракеттерине ишендирүүнүн негизинде окуучуларда тигил же бул сапатты өзүнүн ички мүнөзүнө айландырууга ишеними пайда болот. Мугалимдер ишеним аркылуу окуучулардын акылына, аң-сезимине таасир тийгизип, алардын турмушка болгон туура көз карашын калыптандырып, өзүлөрүнүн иштерине жана жүрүш-турушуна карата жоопкерчиликтүү мамилени калыптандыра алышат. Окуучулар ал билимине таянып өзүлөрүнүн жүрүм-турумундагы туура жолду аныктап, жолдошторунун жана курчап турган адамдардын туура жоруктарын сынга ала алышат.

Ишендирүү-адептик сапаттарга калыптандыруунун эң негизги методу. Окуучулардагы жаман адаттардын зыяндуу экендигине аны толук ишендир-бей туруп, ал адаттардан баланы куткаруу мүмкүн эмес. Ишендирүү методу акырындап өзүн башкача мес, так ушундай алып жүрүү зарылдыгына баланын жекече ишенимин калыптандырат. Ишендирүү методу аркылуу биз окуучулардын адептик мазмундагы жүрүм-турум тапшрмаларын аткарышып, ошол ишенимге акырындык менен көнүгүшүп, улууларга карата өздөрү кабыл алган жүрүм-турум нормаларын көрө алабыз.

Күнүмдүк жашоодо балдар тарабынан кабылданган үлгү методу сөзсүз биринчи орунга коюлушу керек.Үлгүнүн таасирдүүлүгү чөйрөдөгү балдарга өз көз караштарын, кылык-жоруктарын таңуулашпагандында. Балдар жагымдуу, позитивдүү жүрүм-турумга көзү түшүп, кызыгышат жана өзүлөрүнүн жүрүш-турушу үчүн аны үлгү кылууга умтулушат. Балдар ата-энеси айткан сөздөрдү, жасаган иштерди үлгү, чындык катары кабыл алышат. Коомдогу эң мыкты адамдардын күндөлүк жасаган кылык-жоругу, мамилеси, басскан-турганы, дегеле бардык жагынан көрсөткөн сапаттык үлгүлөрү баланын көңүлүнө терең из калтырат [3].

Үлгү-бардык кырдаалдарда, өзгөчө жакшы сапаттарды үйрөтүүдө ыйык. Мугалимдер өздөрү окуучулар үчүн адеп-ахлактык үлгү болушу керек. Алардын жүрүм-туруму, сүйлөгөн сөзү жана иш-аракеттери окуучуларды окуучуларды туура багытка шыктандырат.Тарбиялап жаткан балдарыбызга карата сезимдерибиз, ой-пикирлерибиз, сөздөрүбүз, жүрүш-турушубуз руханий жашообузда ар дайым үлгү болуу максатын көздөшү керек. Идеалдуу үлгү методу аркылуу баланын журүм-туруму, адептик сапаттарынын түптөлүү натыйжасы жемиштүү болот деген ой келет.

Окуучуларды адептүүлүккө тарбиялоо боюнча ата-энелерге арналган лекцияларынын биринде А.С.Макаренко «Сиздин өзүңүздүн жүрүш-турушуңуз-эң чечкиндүү нерсе. Балаңызга акыл айтып же буйрук берүү менен тарбиялайм деп ойлобоңуз. Сиз аны турмушуңуздун ар бир моментинде тарбиялайсыз. Сиздин кийингениңиз сүйлөгөнүңүз. Кубанып же капаланганыңыз башкаларга болгон мамилеңиз ж.б. иш аракеттериңиз бала үчүн чоң мааниге ээ,»-деп айткан [4].

Баланы тарбиялоодо, алардын адептик аң сезимин калыптандырууда ата-энелер, улуулар өзүлөрүн туура алып жүрүүлөрү, жаштар үчүн дайыма үлгү болуулары керек.

Окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө шайкеш келген тарбиялоо методдору алар үчүн ачык, даана болушу пайдалуу. Мына ушул талаптар, тарбия методдорун туура тандоо, аларды шартка жана максатка ылайык пайдалануу зор педагогикалык талантты жана тажрыйбанын керектигин далилдейт.

Туура тандалып алынган тарбиянын ар бир методу балдарда чөйрөсүндөгү адамдарга карата болгон боорукер, кайрымдуу, ардактоо жакшы көрүү сезимдерин калыптандырып, адептүү инсан болуп тарбиялануусуна зор таасир тийгизет.

Изилдөөбүздө БатМУнун А.А.Машрабов атындагы Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институтунун (СГЭИ) «Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы» профилинин П-1-20 тайпасы менен 2021-2022-окуу жылында, П-1-21 тайпасынын студенттери менен 2022-2023-окуу

жылындагы кесиптик-базалык практика учурунда Сүлүктү шаарынын мектептериндеги башталгыч класстарда адептүүлүккө тарбиялоонун формаларын, методдорун колдонуудан мурда башталгыч класстын окуучуларынын психологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө аракеттеништи. Теориялык маалыматтардын практика менен карым-катышына анализ жүргүзүлдү.

Практикант-студенттердин билдирүүсү боюнча окуучулардын адепке кызыгуусу, адеп сырларын билүүсү деген эң жөнөкөй түшүнүктөрү калыптана баштагандыгын, алардын башкалардан айырмасы өтө эле ишенчээк, эмне үйрөтсө да кабыл алууга даяр экендигин, ошондой эле ушул кезде баланын кулк-мүнөзү, жөндөмү калыптана баштаарын байкаганын билдиришти.

Болочок педагогдор окуучуларды адептүүлүккө тарбиялоодо элдик оозеки адабияттын үлгүлөрүн пайдалануу аркылуу аң-сезимди калыптоо методдоруна кирген топтогу аңгемелешүүнү колдонушту. Мисалы, аңгемелешүүнү өткөргөндө окуучулардын адепти мүнөздөп берүүсүн, кабыл алуусун, ой жүгүртүүсүн жана сөз байлыгын эске алып, аларга түшүнүктүү суроолор коюлду. Аңгемелешүү окуучулардын жаңы билимин, ой жүгүртүүсүн, ага болгон умтулуусун, кызыгуусун билүүгө шарт түздү. Кенже класстын окуучуларынын окуу иш-аракеттеринин талабына ылайык элес жана чыгармачылык калыптануусу элдик оозеки чыгармалардын негизинде болгондуктан, көркөм адабият, көркөм сүрөт анын негизги өнүгүү каражаты экендиги байкалды.

Практика учурунда тарбиялык иштерди жүргүзүүнүн бардык формаларында, адептүүлүк, жөнөкөйлүк, чынчылдык, достук, гумандуулук, кайрымдуулук, тактык жана адилеттүүлүк, Мекенди сүйүү, анын кызыкчылыгы үчүн кам көрүү, атуулдук сыяктуу түшүнүктөрдүн маңызын ачууга көп көңүл бурулду.

Эксперименттик ишти жүргүзүүдө ар түрдүү темалардагы этикалык аңгемелешүүлөр, маектер жүргүзүлдү. («Адептүүлүк маданият - адам турмушунун күзгүсү», «Макал-ылакаптар - элдик даанышмандыктын каймагы», «Адептүү адам көркү», «Адептүү алкыш алат, адепсиз каргыш алат», «Жакшы болсоң жатык бол, улук болсоң, кичик бол», «Аганы көрүп ини өсүт, жени сиңди өсөт»). Алардагы негизги максат болуп балдардын адептүүлүк көз карашын, адамдык милдетин сезе билүүнү калыптандыруу эсептелинди. Аңгемелешүү адамдардын адептикке байланыштуу көп сандаган суроолорду да өз ичине камтыды. Этникалык маектердин негизги педагогикалык милдети болуп элдик оозеки чыгармалардагы идеяларды, алардагы каармандардын журуш-турушун талдоо аркылуу окуучуларды, адамдардын адептик негиздеги алака-байланышы тууралуу өз алдынча корутунду чыгарууга алып баруу эсептелинди.

Окуучуларды адептүүлүккө тарбиялоодо оозеки чыгармалардын негизинде аңгеме куруу чоң мааниге ээ. Мындай ангемелешүүлөрдө балдар чыгармалардагы каармандарга, алардын жүрүш-турушуна, аракетине болгон өз ойлорун айтышат. Ал эми мындай учурларда балдарга берилген мугалимдердин суроолору окуучулардын жоопторун активдештирип, алардын курчап турган чөйрөдөгү чындыкка карата жеке мамилесин калыптандырууга, каармандардын тигил же бул аракеттеринин баалуулугун түшүнүүгө ылайык коюлушу керек.

Көп сандагы элдик чыгармаларды окуп айтып берүүдө окуучулардын сезиминде аныкталган пикир, образ жана фактылар жаралгандан кийин алардын билимдерин системага салуу үчүн жыйынтык сабактары жүргүзүлдү. Ошону менен эле бирдикте элдик оозеки чыгармалар боюнча түзүлгөн «Кыргыз элинин оозеки көркөм казынасы тууралуу 20 суроо» деген темадагы жана «Манас» эпосуна арналган викториналар уюштурулду. Бул болсо балдардын алган билимдерин бекемдөө менен бирдикте алардын бул чыгармалар, алардагы каармандар боюнча өз ойлорун, көз караштарын калыптап, аларды бүгүнкү турмуш менен байланыштырууга өбөлгө түзөт.

Тажрыйбалык иште элдик оозеки чыгармалардын бүгүнкү күн үчүн зарыл маанисин чагылдырган мугалимдердин багыт берүүсү, жардамы менен түзүлгөн дубал газеталары да болду. («Элдик жомоктон эртеңки келечекке» «Нуска сөз» ж. б.)

Кенже класстардын окуучуларын адепке тарбиялоо иши жүргүзүлдү. Белгиленген элдик оозеки чыгармалар боюнча жүргүзүлгөн ачык тарбиялык сааттар, улуттук маданият майрамы сыяктуу атайын уюштурулган тарбиялык иштер менен бирдикте улуттук көркөм маданиятыбыздын негизинде түзүлгөн «Даанышман сөз жана адеп» деп аталган мектептеги башталгыч класстардын арасында мектептик чоң конкурс өткөрүлдү. Конкурска алдын ала даярдыктар көрүлдү.

**Конкурс төмөнкү тапшырмалардан турду:**

1. Саламдашуу.
2. Балдардын көркөм окуу конкурсу (адеп, адеп-ахлак темасындагы элдик санат- насыят ырларынан).
3. Жаңылмач айтышуу конкурсу.

4. Табышмактар конкурсу.
5. Ыр конкурсу (адептүүлүк, адеп-ахлак темасындагы элдик ырлардан)
6. Макал-ылакаптардын конкурсу.
7. Билгичтердин конкурсу: «Эмне? Кайда? Качан?» (Элдик оозеки чы- гармалар боюнча)

Конкурс бир жарым саатка созулду.

Мындай конкурстагы мугалимдердин иштеринин жыйынтыктары болуп, балдардын элдик оозеки чыгармаларга, элдик салт-санаа, үрп-адаттарга кызыгуусун арттырып, аларга карата адептүүлүк сезимин, патриоттуулукту ойготуп, адептик маданиятын, өз алдынчалыгын, чыгармачыл демилгесин, жөндөмдүүлүктү өстүрүү болду.

Жыйынтыктап айтканда, болочок педагогдорду элдик педагогиканын негизинде окуучуларды адеп-ахлактуулукка тарбиялоого даярдоодо студенттерге өтүлүүчү предметтердин педагогикалык практиканын мааниси зор. Экинчиден, тарбиялык сааттардын өтүлүшү да болочок педагогдордо көндүмдөрдү калыптандырат.

Адабияттар:

1. Карагозуева Г.Ж. Башталгыч класстын окуучуларынын адеп маданиятын калыптандыруунун педагогикалык негиздери. Дисс. п.и.к: 13.00.01. –Бишкек 2010. -55б.
2. Муратов А. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы [Текст] / А. Муратов. –Бишкек: Турар, 2011. –1-китеп. – 604 б.
3. Апышев Б. Педагогика –Ош. -2003. -302б.
4. Макаренко А.С. О воспитании – М., 1989-461с